**Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.20.618 диссертациялык кеңештин эксперти п.и.д. профессор А. Алимбековдун 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген изденүүчү Кумашова Аида Анаркуловнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн атайын тапшырмалардын негизинде өстүрүүнүн педагогикалык негиздери" аттуу темадагы диссертациясы боюнча**

# ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУСУ

Эксперт п.и.д., профессор Алимбеков А. изденүүчү Кумашова Аида Анаркуловнанын« Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык логикалык ой жүгүртүүсүн атайын тапшырмалардын негизинде өстүрүүнүн педагогикалык негиздери" аттуу кандидатттык диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынып жаткан диссертациялык иш Д 13.20.618 шифрлүү диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Каралып жаткан диссертациялык иш 13.00.01- педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине жооп берүү менен башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү маселесине багытталган.

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Бүгүн Кыргызстандын билим берүү мейкиндигинде мектеп окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүү деңгээли менен билим берүү талаптарынын ортосундагы дал келбестик жалпыга маалым акыйкаттардын бири. Бул маселенин түпкү себептерине илим бийиктигинен карасак окуучулардын окуу процессинде логикалык ой жүгүртүүсүн б.а. аларды бир жыйынтык корутундуга келүү үчүн акыл операцияларынын түрдүү баскычтарынан өтүшүн шарттаган тажрыйбалар тайыз экендигин көрсөтөт. Дээрлик бардык билим берүү парадигмаларынын алкагында окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү анын өзүүн психикалык сапаттарын түгөл активдештиүрүүгө багытталган тапшырмаларды аткаруу аркылуу коштолот. Бирок, азыр башталгыч класстан баштап логикалык ой жүгүртүүнү окуу процессинин туруктуу компонентине айландыруунун педагогикалык шарт жагдайлары боюнча атайын изилдөөлөр сейрек. Ушул жагдайдан алып караганда Кумашова Аида Анаркуловнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн атайын тапшырмалардын негизинде өстүрүүнүн педагогикалык негиздери" аттуу диссертациясынын темасын коомдук, практикалык жана илимий өңүттөн актуалдуу деп эсептөөгө болот.

**Изилдөөнүн объектиси**: Математика предметин башталгыч класстарда окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Математика предметин башталгыч класстарда окутууда окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү процесси.

2. **Изилдөөнүн максаты**: Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүчү атайын тапшырмаларды иштеп чыгуу аны теориялык жана эксперименталдык жактан негиздөө.

3. **Коюлган максат төмөндөгү милдеттерди чечүү алкагында каралган:**

– проблема боюнча психологиялык, педагогикалык жана методикалык адабияттарга анализдерди жүргүзүү жана алардын азыркы мезгилдеги абалы, өнүгүү багыттарын аныктоо;

– башталгыч класстардын математикасын окутуу процессинде окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүнүн педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу;

– окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүчү атайын тапшырмаларды иштеп чыгуу жана аны окуу процессине киргизүү;

– башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүгө багытталган атайын тапшырмалардын эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана жалпылоо.

Изилдөөнүн максатына жетүү жана милдеттерин чечүү багытында изденүүчү бир топ алгылыктуу жумуш аткарган.

**3. Илимий натыйжалар.**

Иште педагогика илиминин мындан ары өнүктүрүү менен байланышкан төмөндөгүдөй натыйжалар алынган:
1. Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн атайын тапшырмалардын жардамы менен өстүрүүнүн педагогикалык шарттары иштелип чыккан.
2. Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүү үчүн атайын тапшырмалар иштелип чыккан.
3. Окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүчү атайын тапшырмалардын окуу процессинде киргизилип эксперименталдык жактан негизделген.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

А. Кумашованвын диссертациясында алынган илимий натыйжалар башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө колдонууга болот. Изилдөөнүн материалдарын орто жана жогорку педагогикалык окуу жайлардын студенттери үчүн жалпы лекциялык курстарда жана атайын курстарда, жалпы орто билим берүүчү мектептин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу курстарына сунуштаса болот.

5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.

Авторефераттын мазмуну негизинен диссертациянын мазмунуна дал келет, бирок диссертациядагы илимий аппараттын жана педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен байланышкан мазмундук жана техникалык кемчиликтерди жойгондон кийин кайрадан иштеп чыгууну талап кылат. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелери бири бирине иденттүү

**6. Мүчүлүштүктөр жана алардын үстүндө иштөө боюнча сунуштар.**

Диссертациялык жумушта бир катар кемчиликтер жана мүчүлүштүктөр орун алган. Алардын негизгилери төмөндөгүлөр:

**Киришүү боюнча**

1. Диссертациянын темасынын аталышы башка компоненттердин контекстинде караганда тыкыр ойлонуштурулбагандай таасир калтырат. Анткени, **тема бул диссертациянын тексттин мазмунуна бүтүндүк берип турган негизги ой.** Каралып жаткан диссертациянын мазмунунда математика сабагынын материалдары басымдуулук кылгандыктан теманын аталышы толук туура болбой калган. Теманын

контекстинде **“өстүрүү”** түшүнүгүнүгүн колдонулушу да эки анжы пикир жаратат. Адатта, биз “өстүрүү” түшүнүгүн агрономия чөйрөсүндө көбүрөөк колдонобуз. Ал эми коомдук-педагогикалык чөйрөдө “өнүктүрүү” түшүнүгү колдонулат. Алсак, сабактын максатын да **билим берүү, өнүктүрүү, тарбиялоо** деген пункттар менен белгилеп келебиз. Юдахинден баштап бардык сөздүктөрдө **“өстүрүү” выращивание, взращивание** *(бак өстүрүү выращивание, разведение садов;)* деп белгиленип келет.

2. Теманын актуалдуулугу компонентинде проблеманын изилдениш абалы тууралуу аргументтер жетишсиз. Теманын тегерегинде башка окумуштуулар тарабынан эмнелер жасалганы конкреттүү айкындалган эмес. Жалпы маалыматтар көбүрөөк. (Дисс. 5-6 б.б.)
3. Изилдөөнүн проблемасын суроолуу сүйлөм менен так тариздөө талап кылынат. (Дисс. 7 б.)
4. Изилдөөнүн **максат, мидеттери, обьекти, предемети тема жана проблема** менен өзөктөш комонентттер катары бирдей терминдер менен тариздeлиши зарыл. Каралып жаткан жумушта аталган компоненттердин ички биримдик сакталганбагандыктан алардын баарын кайрадан тариздеп жазып чыгууну сунуштайм. (Дисс. 7 б. Автореф. 25 б.).

4.1. Педагогикалык шарттар иштелип чыкпайт, айкындалат.

4.2. Эксперимент аркылуу педагогикалык шарттар текшерилет.

5. Жаңы инструкция боюнча изилдөө методдору киришүүдө берилбейт. (Дисс. 7 б).
6. Милдеттер менен илимий натыйжалардын пункттарынын өз ара биримдигин сакталган эмес. Төрт милдет үч натыйжа. Биринчи милдетти изилдөөнүн боюнча натыйжасында эмне ачыкталды ? -деген суроо жаралат. . (Дисс. 8 б).
7. Практикалык маанилүүлүгү өтө эле жупуну тариздeлип калган. Колдонуу чөйрөсүнүн масштабын кенейтүү же деталдуу жазуу зарыл.

**Биринчи глава боюнча.**

Мында негизинен ой жүгүртүү анын түрлөрү башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн мааниси башталгыч класстардын математика сабагынын, окуу программасынын балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү талдоого алынган. Мындай иш аракеттер изилдөөнүн логикасына туура келет. Бирок, диссертациялык изилдөөнүн милдеттери, натыйжалары жана мазмундук рубрикацияларында туура тариздөөнү сунуштайбыз.

Бул главадагы олуттуу мүчүлүштүк башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн атайын тапшырмалардын негизинде өстүрүүнүн педагогикалык негиздери боюнча кандай эмгектер бар жана бул багытта буга чейин эмнелер жасалган деген суроолорго толук жооп берилбей калгандыгы. Адабияттар анализи жалпы багыт боюнча жүргүзүлүп, өзүнүн темасы, проблемасы боюнча илимдеги абал так ачыкталбай калган. Ошону менен бирдикте башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө арналган бир катар эмгектер бар экендигин эске салабыз (В. Ревина, Е. Перевозчикова, Е. П. Маланюк, Т. К. Камалова, В. С. Аблова, А. Белошистая, ВЛевитес, Сапожникова А. А., Бакшеева Э. П, А Симановский жб.)

**Экинчи глава боюнча**

Инструкция боюнча экинчи главада изилдөөнүн материалдары жана методдору чагылдырылышы зарыл эле. Мында изилдөөнүн обьектин, предметин, методологиясын, методдорун, изилдөөгө тартылган билим берүү мейкиндиги, изилдөө инструменттерин

айкындоо багытындагы диссертанттын ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар аз. Буларсыз диссертациянын инструкцияга шайкеш келиши тууралуу сөз кылууга болбойт. Анын ордуна 1-главада орун алууга тийиш болгон адабияттар анализи басымдуулук кылат (49-57 б.б.)

21. Параграф *"педагогикалык шарттарды"* аныктоого байланыштуу болгондугуна карабастан аталган маселеге байланыштуу айрым тезистер гана берилген (49-57 б.б.). Диссертацияда "педагогикалык шарттарын бердик" -деген жаңылыш түшүнүк кездешет.(58-59 б.б.) Биринчиден, педагогикалык шарттар атайын методдор аркылуу аныкталуучу кубулуш. Экинчиден, шарттардын айрым пункуттары кубулуштарды сыпаттоо сыпатында калып калган.

Педагогикалык шарттар эң башкы илимий жаңылык катары көрсөтүлүп жаткандыктан ал методологиялык жактан кынтыксыз негизделиши талап кылынат.

Экинчи главанын 2,3 параграфтарында (65-75 б.б.) негизинен математика сабагында логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү тапшырмаларды колдонуу жолдору берилген. Параграф 2.3тө педагогикалык шарттарды ишке ашыруу деп аталганы менен аларды ишке киргизүү тууралуу сөз болгон эмес. Биздин пикирибизде бул главада педагогикалык шартттар түшүнүгү формалдуу түрдө эпизоддук мүнөздө киргизилип изилдөөнүн темасынан жана жалпы мазмунунан орун тапкан эмес. Ошондуктан изилдөөнүн натыйжасы катары атайын тапшырмалардын мазмунун, аларга коюлуучу талаптарды, критерийлерди аныктоо зарылдыгы бар.

**Үчүнчү глава боюнча.**

1. Педагогикалык экспериментте сыноо үчүн эмне коюлуп жатат педагогикалык шарттарбы же атайын тапшырмаларбы тактоо керек.
2. Педагогикалык экспериментте башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүгүш абалы, динамикасы кандай критерийлер аркылуу аныкталды. *Төмөн, орто, жогору* деген деңгээлдик көрсөткүчтөрүнүн ички мазмунун сыпаттоо керек.
3. Аныктоочу экспериментте колдонулган анкеталардын мазмуну, структурасы, натыйжаларын баалоо процедуралары тууралуу кеңири маалыматтар кеңири берилсе жакшы болмок.
4. Жыйынтыгында эксперименталдык тажрыйба олуттуу өзгөртүү, толуктоолорду талап кылат.
5. Эксперименталдык жумуштун жыйытыктары кандай каражаттар менен өлчөнүп бааланганы тууралуу реалдуу маалыматттарды толуктоо зарыл.
6. Калыптандыруучу экспериментти 368 окуучу менен жүргүзүү ишеним жаратпайт.
7. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнүн натыйжаларынын сапаттык мүнөздөмөлөрүн конкреттештирүү зарыл.

**Корутунду боюнча**

Корутундуну корутунду жазуунун эреже жоболоруна негиздеп жазуу керек. Бул компонент тикеден тике коюлган милдеттердин чечилиши тууралуу жыйынтыктоочу ой катары автордук позицияга негизделип башка стилде жазылышы шарт. Азыркы абалында айрым башка бөлүмдөрдөгү тексттердин мүнөзүнө окшоп турат. Конкреттүү натыйжалар, жаңы билим түшүнүк катары таризделген эмес.

Практикалык сунуштарды сунуш стилинде тариздөө зарыл. Практикалык сунуштар изилдөөнүн натыйжаларынан чыгарылышы керек.

8. **Сунуштар:** Жогоруда белгилеген кемчиликтерди олуттуу деп эсептейм жана тийиштүү оңдоолорду жана түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгын белгилейм. Өзгөчө диссертациянын текстин илимий стилистиканын талаптарына ылайык карап чыгуу зарыл.

**Белгиленген мүчүлүштүктөрдүн басымдуу көпчүлүгү эксперттик баллоо мөөнөтүнүнүн аралыгында диссертант тарабынан эске алынып диссертациянын жана авторефераттын текстине өзгөртүүлөр киргизилди.**

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Диссертациянын түзөлтүлгөн вариантын кабыл алууга болот.

**9. Бүтүм. Кумашова Аида Анаркуловнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн атайын тапшырмалардын негизинде өстүрүүнүн педагогикалык негиздери”** деген темадагы диссертациясы 13.00.01 – “Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 - "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Кумашова Аида Анаркуловнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн атайын тапшырмалардын негизинде өстүрүүнүн педагогикалык негиздери” деген темадагы диссертациясын белгиленген мүчүлүшүтүктөр жоюлгандыгына байланыштуу **кабыл алууууга болот.**

**Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин**
**педагогика кафедрасынын профессору**
**педагогика илимдеринин доктору** **Алимбеков А.**

Эксперт А. Алимбековдун кол тамгасын тастыктайм
Диссовиттин окум. катчысы Абдыкапарова А.О.